"БЕКИТЕМИН"

БатМУнун ректору, э.и.д.,

профессор ____________ А.Т.Гыязов

"__05__" ___09___________ 2022-ж.

# САПАТ ЖАНА КАРЬЕРА БӨЛҮМҮНҮН БӨЛҮМ БАШЧЫСЫНЫН, САПАТ ЖАНА КАРЬЕРА БОЮНЧА ЖЕТЕКТӨӨЧҮ АДИСТЕРДИН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

Башкармалыктын милдеттерине ылайык **бөлүм башчы** төмөндөгү кызматтык милдеттерди аткарат:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен, ошондой эле сапатты башкаруу маселелери боюнча башка университеттердин ушул сыяктуу билим берүү иш-чараларынын байланышын ишке ашырат.
2. Сапат системасын түзүү, киргизүү жана өнүктүрүү боюнча бөлүмдүн ишин, университеттин билим берүү жана инновациялык ишмердүүлүгүн пландайт.
3. Университеттин жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин окуу процессинде инновациялык программаларды жана окутуу технологияларын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну координациялайт.
4. Университеттин жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдөгү билим берүү программаларын аккредитациядан өткөрүүнү жетектейт жана анда айтылган сунуштар боюнча иш алып барат.
5. Университеттин жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн долбоорлорун иштеп чыгууну жана аларды практикада ишке ашырууну башкарат.
6. Университеттин сапат системасынын ченемдик-усулдук камсыздоосун жана инновациялык ишмердүүлүгүн ишке ашырат.
7. Университетке жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүнө окуу, илимий иштердин сапатын башкаруу боюнча маалыматтык-консалтингдик жана маалыматтык-методикалык колдоо көрсөтөт.
8. Сапат боюнча кеңеште, университеттин Окуу жана Окуу-методикалык кеңештеринде билим берүү иш-чараларынын сапаты боюнча суроолорду жана талкууларды жаратат, алардын чечимдеринин аткарылышын контролдойт.
9. Сапат системасын иштеп чыгуу, ишке ашыруу, өнүктүрүү, пландаштыруу боюнча административдик, ченемдик-укуктук, методикалык жана долбоорлорун даярдоого катышат.
10. Университеттин жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн сапат системасынын процесстерине жана инновациялык ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнө мониторингди уюштурат.
11. Мониторингдин маалыматтарын талдайт жана билим берүүнүн сапаты системасынын процесстерин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат.
12. Сапат системасынын аудитинин тышкы жана ички иштери боюнча иштерди уюштурат жана координациялайт, материалдарды талдайт, түзөтүүчү иш-

Сканировано с CamScanner

чаралардын пландарын жана отчетторун университеттин жетекчилигине бекитүү үчүн макулдашат.

13. Университеттин жетекчилерин жана сапат окүлдөрүн көзөмөлдөйт.
14. Маалыматтык-аналитикалык жана башка материалдарды даярдоого катышат, билим берүүнүн сапаты системасынын натыйжалуулугу жөнүндө университеттин жетекчилигине маалымдайт.
15. Окутуучулардын сабактарынын сапатын баалоо системасын иштеп чыгат (сабактарга катышуу, анализдөө), баалоо, тиешелүү чечимдерди кабыл алып, университеттин жетекчилигине сунуштарды берет.
16. Студенттердин билимдерин текшерүүнүн түрдүү формаларына ылайыкталган баалоо каражаттарынын топтомун анализдейт.
17. Профессордук-окутуучулар курамынын рейтингин аныктоого тиешелүү, маалыматтык база түзөт.
18. Окутуучулардын квалификациясын баалоого багытталган студенттер үчүн анкетанын суроолорун түзөт жана анкетирлөө өткөрөт.
19. Сапат боюнча бөлүмдүн иши жөнүндө жылдык отчетту түзөт.

Башкармалыктын милдеттерине ылайык **сапат боюнча жетектөөчү адис** төмөндөгү кызматтык милдеттерди аткарат:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине арыздарды берүүнү жана материалдарды даярдоону камсыз кылат.
2. Университеттин жана анын окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн колдонуудагы лицензиялардын, аккредитациялык агенттиктер тарабынан берилген сертификаттардын жарактуулугун талдоону жана контролдоону камсыз кылат.
3. Окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдө билим берүүнүн сапатын жогорулатууга тиешелүү иш-чаралардын планын иштеп чыгат, талкуулайт, бекитүүгө сунуштайт.
4. Текшерүүлөрдүн, өздүк баа берүүлөрдүн натыйжалары боюнча аналитикалык отчетторду түзөт, аны жетекчиликке жеткирет жана ишмердикке тиешелүү оңдоп-түзөтүүлөрдү ишке ашырат.
5. Студенттердин (1-курстар) билим сапатына диагностикалык баалоо жүргүзөт;
6. Студенттердин учурдагы билимдеринин сапатына, сынак сессиялары учурунда, бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына баа берет, алардын кесиптик даярдык деңгээлин анализдейт.
7. Студенттердин билимдерин жана көндүмдөрүн баалоонун натыйжаларын талдайт.
8. Бүтүрүү квалификациялык иштеринин темаларын талдап, жазылыш мазмунуна (тематикалары, жетекчилери, изилдөө пландары) баа берет.
9. Жумушчу окуу пландарындагы дисциплиналардын ОУКнын, силлабустардын сапатына мониторинг жүргүзөт.
10. Дисциплиналардын окуу программаларынан, окуу дисциплиналарынан күтүлүүчү натыйжалардын аныкталышына баа берет.
11. Университеттин жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн билим берүү программаларын аккредитациядан өткөрүүгө көмөктөшөт.

Сканировано с CamScanner

Башкармалыктын милдеттерине ылайык **карьера боюнча жетектөөчү адис** төмөндөгү кызматтык милдеттерди аткарат:

1. БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн маалымат базасын жүргүзүүнү, өз убагында жаңыртууну жана толуктоону камсыз кылат.
2. Потенциалдуу иш берүүчүлөрдүн маалымат базасын түзөт жана системалуу жаңыртып турат.
3. БатМУнун студенттери жана бүтүрүүчүлөрү үчүн карьерага багытталган иш-чараларды өткөрөт.
4. Бүтүрүүчүлөрүнүн карьералык өсүшүнө кызыкдар болгон университеттин жагымдуу беделин түзөт.
5. Студенттерге, БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнө жана иш берүүчүлөргө карьералык иш-чаралар жөнүндө маалыматтык колдоо көрсөтөт.
6. Бүтүрүүчүлөр менен университеттин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүн уюштурат жана колдойт;
7. Иш берүүчүлөр менен практикалык окутуу, такшалтма (стажировака), иш берүүчүнүн окуу процессин уюштурууга катышуу маселелери боюнча өз ара аракет көрөт.
8. Кесипке багыт берүү жана жумушка орноштуруу маселелери боюнча консультациялык иш-чараларды уюштурат.
9. Студенттердин эмгек рыногунда багыттоо көнүмдөрүн өрчүтөт.
10. Жумушка орношуу, бүтүрүүчүлөрдүн жана студенттердин карьерасынын өнүгүшү, стейкхолдерлердин карьералык билим берүү жана эмгек рыногу маселелери боюнча муктаждыктары, окуу процессинин ар кандай аспектилери, билим берүү сапаты жана БатМУдагы окутуу маселелери боюнча социологиялык, маркетингдик изилдөө жана мониторинг жүргүзөт.
11. БатМУнун окуу-түзүмдүк бөлүмдөрү жүргүзгөн кесиптик багыт берүү иштерине көмөктөшөт.
12. Creative Business Park of BatSU, Enactus БатМУнун ишин координациялайт

Сканировано с CamScanner